# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

## ТОКТОМ

2015-жылдын 29-декабры № 670

### Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында көз карандысыз аккредитация боюнча актыларды бекитүү жөнүндө

Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине, "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 40-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынан Өкмөтү

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Төмөндөгүлөр бекитилсин:

- Билим берүү жаатындагы аккредитациялык агенттиктерди таануунун тартиби, 1-тиркемеге ылайык;

- Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун тартиби, 2-тиркемеге ылайык.

- Кыргыз Республикасынын аккредитацияланууучу башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптар, 3-тиркемеге ылайык.

*(КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 4-октябрындагы № 525 токтомунун редакциясына ылайык)*

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **Т.А. Сариев**

1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2015-жылдын 29-
декабрындагы
№ 670 токтому менен
бекитилген

**Билим берүү жаатындагы аккредитациялык агенттиктерди таануунун**
**ТАРТИБИ**

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул тартип уюмдарды аккредитациялык агенттиктер катары таануунун жол-жобосун жана талаптарын жөнгө салат.

2. Аккредитациялык агенттик (мындан ары - Агенттик) - бул негизги максаты билим берүү мекемелерин жана билим берүү программаларын көз карандысыз аккредитациялоо болуп саналган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлүүчү мамлекеттик эмес, коммерциялык эмес уюм.

3. Уюмду аккредитациялык агенттик катары таануу билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдында түзүлгөн Улуттук аккредитациялык кеңеш (мындан ары - Кеңеш) тарабынан жүзөгө ашырылат.

## 2. Уюмга коюлган талаптар

4. Уюм төмөнкүлөр болгон учурда аккредитациялык агенттик катары таанылат жана Кыргыз Республикасынын аккредитациялык агенттиктеринин Улуттук реестринде катталат:

1) Кыргыз Республикасынын же чет өлкөлөрдүн юстиция органдарында каттоого алынса;

2) белгиленген максаттарга жана милдеттерге ылайык ишти жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык жана маалыматтык ресурстар;

3) билим берүү уюмдарына жана программаларга экспертиза жүргүзүүчү, билим берүүнүн сапатын сырттан баалоо боюнча эксперттердин маалымат базасы;

4) уюм тарабынан пайдаланылуучу процесстерди жана жол-жоболорду сүрөттөөгө жана аккредитациялоонун жыйынтыктарына коомчулуктун жетүүсү үчүн уюмдун интернет-ресурстары;

5) белгиленген стандарттарга жана критерийлерге ылайык келүүчү институционалдык жана программалык аккредитациялоонун иштелип чыккан стандарттары жана критерийлери;

6) билим берүү мекемелерин жана программаларын аккредитациялоонун жол-жобосун жүргүзүү үчүн методикалык база: институционалдык жана программалык

аккредитациялоодо өздүк баалоо жол-жобосун жүргүзүү боюнча; сырткы баалоону жүргүзүү боюнча колдонмолор;

7) объективдүүлүктү, мамлекеттик органдардан жана билим берүү уюмдарынан көз карандысыздыгын кепилдөөчү чечимдерди кабыл алуунун иштелип чыккан жана бекитилген механизми;

8) уюмду аккредитациялык агенттик катары тааныгандан тартып 2 жылдын ичинде билим берүүнүн жана кызматташтык жөнүндө эл аралык макулдашуулардын сапатын камсыздоонун эл аралык тармактардагы толук же ассоциацияланган мүчөлүгү;

9) билим берүү уюмдарынан финансылык көз карандылыктын жоктугунун далили.

5. Чет өлкөлүк аккредитациялык агенттиктерди таануу жана Улуттук реестрге киргизүү жөнүндө маселе алардын кайрылуусунун негизинде ушул тартиптин 4-пунктунун талаптарына ылайык келсе жана төмөнкүдөй шарттарды аткарса каралат:

1) өздөрүнүн өлкөсүнүн аккредитациялык органдарынын улуттук реестрине кирүүсү;

2) Болон декларациясына кол койгон өлкөлөрдүн аккредитациялык агенттиктери үчүн (EQAR) сапатын камсыздоонун Европалык реестрине кирүүсү;

3) чет өлкөлүк аккредитациялык агенттик тарабынан сырткы аудитти жүргүзүүдө аккредитациялык комиссиянын курамына чет өлкөлүк эксперттер менен бирге Улуттук реестрге киргизилген Агенттиктердин сунуштамалары боюнча улуттук эксперттерди да киргизүү зарыл.

## 3. Уюмдарды аккредитациялык агенттик катары таануунун жол-жобосу

6. Уюм аккредитациялык агенттик катары таанылуусу жана Улуттук реестрге катталуусу үчүн Кеңешке төмөнкүдөй документтерди тапшырат:

1) ушул Тартиптин 1-тиркемесине ылайык формадагы арыз;

2) ушул Тартиптин 2-тиркемесине ылайык арыз ээси жөнүндө маалымат;

3) уюштуруу документтеринин нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

4) ушул Тартиптин 4-пунктунда белгиленген талаптарга уюмдун шайкеш келүүсүн ырастоочу документтер;

5) уюмдун жакынкы 5 жылга келечектүү иш планы.

7. Кеңеш берилген материалдардын толуктугун жана аныктыгын текшерет. Зарыл учурда Кеңеш атайын комиссияларды түзө алат.

8. Документтерди кароонун мөөнөтү Кеңештин жыйынында кароонун мөөнөтүн кошо алганда, алар келип түшкөн күндөн тартып үч айдан ашпоого тийиш.

9. Уюмдун ушул Тартиптин 4-пунктунун талаптарына шайкеш келиши же келбешин аныктоонун негизинде Кеңеш уюмду аккредитациялык агенттик катары таануу же таануудан баш тартуу жөнүндө чечимди кабыл алат, ал чечим билим

берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйругу менен тариздделет.

10. Аккредитациялык агенттик катары таанылган уюм Улуттук реестрде аккредитация алынган мөөнөттө катталат жана катталгандыгы жөнүндө күбөлүк алат.

11. Аккредитациялык агенттик катары таануудан баш тартылган учурда уюм баш тартуу жөнүндө чечимге сот тартибинде даттанууга же 3 айдан кийин агенттик катары таанылуу үчүн документтерди кайрадан тапшырууга укуктуу.

Уюмду аккредитациялык агенттик катары таануудан баш тартууга ушул Тартипте аталган документтердин тизмегин толук тапшырбоо, берилген маалыматтардагы так эместиктер, ошондой эле уюмдун уюштуруу-укуктук формасынын ушул Тартиптин 2-пунктунда белгиленген талаптарга дал келбегендиги негиз болот.

12. Улуттук реестрге киргизилген Агенттиктер жыл сайын 1-декабрдан кечиктирбей Кеңешке аккредитациялык кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыргандыгы жөнүндө жылдык отчет бериши керек.

Өз ишинин ачык-айкындыгын камсыздоо максатында Агенттик ар жыл сайын өз ишине көз карандысыз аудит жүргүзүүгө жана жылдык отчет түзүүгө тийиш.

Аудитордук текшерүүнүн жыйынтыктары жөнүндө отчет жана Агенттиктин иши жөнүндө ар жылдык отчет Кыргыз Республикасынын жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялануусу жана Кеңешке, билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жөнөтүлүшү керек.

13. Кеңеш Агенттиктерди беш жылда бир жолу (Улуттук реестрге киргизилген күндөн тартып) сырттан баалоого тийиш, мында агенттиктер жүргүзгөн аккредитациялык кызматтын натыйжаларына баа берилет.

14. Агенттик төмөнкүдөй учурларда өз ишин токтотот, токтото турат жана Улуттук реестрден чыгарылат:

- институционалдык жана программалык аккредитациялоонун стандарттарын жана критерийлерин сактабаганда;

- Кеңеш Агенттикти экинчи жолку таануу жол-жобосунун жыйынтыктары боюнча да тааныбаса;

- билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун натыйжалары боюнча Кеңешке берилген маалымкатта анык эмес жана бурмалаган маалыматтар табылганда;

- билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча чечимдердин объективдүү эместиги же мындай чечимдердин мамлекеттик органдарга же билим берүү уюмдарына көз карандылык менен кабыл алынгандыгы тууралуу далилдер Кеңеште болсо;

- Агенттик кайра уюштурулганда же жоюлганда;

- Агенттик өз иш-аракетин ыктыярдуу токтотуу жөнүндө арыз бергенде.

Билим берүү жаатындагы
аккредитациялык
агенттиктерди таануунун
тартибине
1-тиркеме

Форма

Кимге: ____________________________________________________________
____________________________________________________________

(Билим берүү жаатындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын алдындагы
Улуттук аккредитациялык кеңештин жетекчисинин аты-жөнү жана кызматы)

Кимден: ____________________________________________________________
____________________________________________________________

(уюмдун жетекчисинин аты-жөнү жана кызматы)

Маалым даректер: ____________________________________________________
____________________________________________________________

(юридикалык дареги, байланыш телефону, электрондук почтасы)

**Арыз**

Кыргыз Республикасынын аккредитациялык агенттиктеринин
Улуттук тизмегине каттоо менен ________________________________________
____________________________________________________________

(уюмдун аталышы)

ишин таануу жөнүндө маселени кароону өтүнөмүн.

Арызга төмөнкү документтер тиркелет:

1. ____________________________________________________________
2. ____________________________________________________________
3. ____________________________________________________________

Мөөр

________________________ ________________________________

(колу) (кызматы, аты-жөнү)

Датасы: "___" _____________ 20__-ж.

Билим берүү жаатындагы
аккредитациялык
агенттиктерди таануунун
тартибине
2-тиркеме

Форма

| **Арыз берүүчү (уюмдун аталышы)** | |
|---|---|
| Веб-сайты<br>Агенттиктин сайтына түз шилтеме | Аккредитацияланган уюмдардын жана программалардын тизмеси, аккредитация боюнча методикалык документтер, тармактарга мүчөлүк, эл аралык иштер |
| Байланыштыруучу жак:<br>телефону<br>факсы<br>e-mail | |
| Агенттиктин ишине кыскача жалпы мүнөздөмө (максималдуу 400 белги) | |
| Эгер болсо, адистештирүү, мисалы предметтик чөйрө же кесиптик сектор (максималдуу 400 белги) | |
| Аккредитациялоодо колдонулуучу стандарттар жана критерийлер (максималдуу 400 белги) | |
| Методикалык колдонмо<br>(кыскача мүнөздөмө, 400-500 белги) | |
| Агенттик иштеген өлкөлөр | |

2-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2015-жылдын 29-
декабрындагы
№ 670 токтому менен
бекитилген

**Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун ТАРТИБИ**

**1. Жалпы жоболор**

1. Ушул Тартип билим берүү уюмдарын жана билим берүү программаларын аккредитациялоонун жол-жобосун белгилейт.

2. Аккредитациялоонун негизги максаттары:

- билим берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөктөшүү;

- билим берүү уюмдарынын жана билим берүү программаларынын бекитилген критерийлерге жана жол-жоболорго (Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн эмес) шайкеш келүүсүнө көз карандысыз баа берүү;

- билим берүү уюмдарынын жана билим берүү программаларынын сапатына көз карандысыз баа берүүнүн жыйынтыктары, ошондой эле сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө коомчулукка маалымдоо;

- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана квалификациялар жөнүндөгү документтеринин дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде таанылышына көмөктөшүү;

- үзгүлтүксүз өзүн-өзү баалоо жана өркүндөтүү аркылуу билим берүү уюмдарын өнүктүрүүнү өбөлгөлөө жана билим берүү программаларын жакшыртуу.

3. Аккредитациялоонун негизги принциптери:

- аккредитациялоо системасын уюштуруунун көз карандысыз жана объективдүү мүнөзү, анда белгиленген тартипте таанылган мамлекеттик эмес, коммерциялык эмес уюмдардын катышуусу камсыздалат;

- айкындык;

- ачыктык;

- сырткы баа берүүнүн негизделген методдорун так колдонуу;

- билим берүү мекемесине (программасына) аккредитацияланган билим берүү уюму (программасы) статусун берүү мөөнөтүнүн чектелгендиги.

4. Аккредитациядан өткөрүү бардык билим берүү уюмдары үчүн бирдей шарттарда жана ушул Тартипте аныкталган негиздерде жүзөгө ашырылат.

5. Аккредитациялык агенттик (мындан ары - Агенттик) билим берүү уюмунун аккредитация жүргүзүүсүнөн, анын ичинде атаандаштыкты чектөө же болбосо

кайсы бир билим берүү уюмуна алардын менчигинин түрүнө, ведомстволук кызыкчылыгына же жайгашкан жерине жараша артыкчылык берүү максатында баш тартууга укуксуз.

6. Агенттик төмөнкү учурларда билим берүү уюмун аккредитациялоодон өткөрүүгө укуксуз:

- эгерде билим берүү уюму Агенттиктин демөөрчүсү же Агенттиктин пайдасына ири суммадагы кайрымдуулук каражаттарын берген болсо;

- эгерде Агенттикте аккредитацияланууучу билим берүү уюмунда мурда иштеген кызматкер иштесе жана ал билим берүү уюмунан иштен кеткен учурдан бери үч жыл өтө элек болсо;

- эгерде Агенттиктин кызматкерлеринин бири билим берүү мекемесинин уюштуруучусу болсо же билим берүү уюмунун жетекчилери менен тууганчылык мамилеси болсо.

7. Билим берүү уюмдарын (программаларын) аккредитациялоону билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Улуттук аккредитациялык кеңеш (мындан ары - Кеңеш) тарабынан таанылган Агенттиктер беш жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүшөт.

8. Аккредитациялык экспертиза Агенттик түзгөн эксперттик комиссия (мындан ары - комиссия) тарабынан жүргүзүлөт. Комиссиянын курамына билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо үчүн сунушталган багыттар боюнча эксперттер жана Агенттиктин кызматкери киргизилет. Жогорку кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоодо комиссиянын ишине чет элдик эксперттердин катышуусу милдеттүү болуп саналат.

9. Экспертти аккредитациялык экспертизаны өткөрүүгө тартуу алар менен түзүлгөн жарандык-укуктук келишимдин негизинде жүргүзүлөт, анын типтүү формасы Агенттик тарабынан бекитилет.

10. Билим берүү уюмдарын жана билим берүү программаларын аккредитациялоо акы төлөө негизинде жүргүзүлөт. Аккредитациялоону жүргүзүүнүн чыгымдары билим берүү уюмунун каражаттарынын эсебинен төлөнөт.

Мамлекет тарабынан толук каржыланган билим берүү уюмдары аккредитациялоонун чыгымдарын мамлекеттик бюджеттин жана/же атайын каражаттардын эсебинен төлөйт.

11. Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоодон өткөрүүдө аларга сырттан баа берүү жүргүзүлөт:

а) билим берүү уюмунун аккредитациялык критерийлерге жана стандарттарга шайкеш келишин экспертизалоо (институционалдык аккредитациялоо);

б) билим берүү программасынын аккредитациялык критерийлерге жана стандарттарга шайкеш келишин экспертизалоо (программалык аккредитациялоо).

12. Сырткы баа берүү комиссиянын билим берүү уюмуна жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө баруу менен жүргүзүлөт.

13. Аккредитациялоону өткөрүүнүн алдында билим берүү уюму өзүн-өзү баалоосу зарыл. Билим берүү уюмунун өздүк баа берүүсүнүн максаты билим берүү уюмунун жана программаларынын иши аккредитациялык стандарттарга жана

критерийлерге, ошондой эле Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкештигин ички баалоо болуп саналат. Билим берүү уюмунун/билим берүү программасынын өздүк баа берүүсү Мамлекеттик билим берүү стандартынын, ошондой эле Кеңеш тарабынан бекитилген стандарттардын жана критерийлердин негизинде өткөрүлөт. Билим берүү уюму өздүк баа берүүнүн жыйынтыктарын отчет түрүндө өздүк баа берүүнүн жол-жобосу аяктаган күндөн 10 иш күндүн ичинде Агенттикке берет.

## 2. Аккредитация боюнча арызга жана ага тиркелген документтерге талаптар

14. Аккредитация жүргүзүү үчүн билим берүү уюму Агенттикке юридикалык жак катары мамлекеттик каттоо жөнүндөгү күбөлүктүн, билим берүү ишин жүзөгө ашырууга уруксат берүү документтеринин (лицензиялар) көчүрмөлөрүн жана өздүк баа берүүнүн материалдарын тиркөө менен аккредитациялоо жүргүзүү жөнүндө арыз берет.

15. Агенттик арыз менен документтер катталган күндөн тартып 10 иш күндүн ичинде аккредитация үчүн жиберилген бардык билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин жүзөгө ашырууга лицензияларынын бар экендигин, ошондой эле жиберилген тиешелүү документтеринин талапка ылайык толтурулушун, толуктугун жана тууралыгын текшерет.

16. Уюм тарабынан тиешелүү документтердин толук эмес же туура эмес толтурулган формада берилгендиги аныкталган учурда Агенттик арыз түшкөн күндөн баштап 10 иш күндүн ичинде жетишпеген документтердин жана таризделиши жана/же толтурулушу белгиленген талаптарга шайкеш келбеген документтердин тизмеги жөнүндө билдирүүнү мекемеге жиберет же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнө тапшырат. Эгерде аталган документтер уюм тарабынан билдирүү алган күндөн тартып 2 айдын ичинде Агенттикке берилбесе, Агенттик уюмдун арызын жана документтерин мааниси боюнча кароого кабыл алуудан баш тартат.

17. Уюм тарабынан Агенттикке толук көлөмдө, туура таризделген жана толтурулган арыздар жана документтер берилген учурда аталган арыздар жана документтер маанисин текшерүү үчүн кароого кабыл алынат. Арызды жана документтерди маанисин кароо үчүн кабыл алгандыгы жөнүндө билдирүү арызды жана документтерди маанисин кароого кабыл алган күндөн тартып 10 иш күндүн ичинде уюмга жиберилет же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнө тапшырылат.

## 3. Агенттик тарабынан сырткы баа берүүнүн тартиби

18. Сырткы баа берүү үчүн Агенттик белгиленген тартипте комиссия түзөт. Комиссиянын ишинин тартиби, уюмдарды жана программаларды аккредитациялоо жаатындагы эксперттерге квалификациялык талаптар, ошондой эле эксперттерди сертификатташтыруунун жана аларды аккредитациялык экспертиза жүргүзүүгө тартуунун тартиби Агенттик тарабынан бекитилет.

19. Жүргүзүлгөн сырткы баа берүүнүн жыйынтыктары боюнча Агенттик 10 иш күндүн ичинде корутунду даярдайт. Корутундуда Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана аккредитациялык стандарттардын аткарылуусун баалоо,

ошондой эле билим берүү уюмду же программаларды өркүндөтүү боюнча сунуштамалар милдеттүү түрдө болууга тийиш. Корутундунун негизинде Агенттик 5 иш күндүн ичинде билим берүү уюмун (программасын) аккредитациялоо жөнүндө же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат.

Аккредитациялоо жөнүндө чечимдердин объективдүүлүгүн жана мамлекеттик органдардан жана билим берүү уюмдарынан көз карандысыздыгын кепилдөө үчүн Агенттик курамына бирдей пропорцияда мамлекеттик органдардын, экономика секторунун жана жарандык коомдун өкүлдөрү киргизилген жумушчу органды түзөт.

20. Корутундунун негизинде Агенттик төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алат:

- бардык аккредитациялык стандарттарга шайкеш келген шартта - 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө;

- 1-2 аккредитациялык стандарттар боюнча талаптарга жооп бербеген учурда кемчиликтерди четтетүү талабы менен 1 жылдык мөөнөткө сын пикирлер менен (шарттуу) аккредитациялоо. Сын пикирлердин жоюлгандыгы боюнча фактылар ырасталган учурда аккредитациялоо мөөнөтү 5 жылга чейин узартылышы мүмкүн (шарттуу аккредитациялоо мөөнөтү менен бирге алганда), бирок шарттуу аккредитациялоо жөнүндөгү чечим эки жолудан ашык кабыл алынбайт.

- 2ден ашык аккредитациялык стандарттар боюнча талаптарга жооп бербеген шартта аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө.

21. Аккредитациялоодон баш тарткан учурда кайрадан аккредитациялоо боюнча арыз бир жылдан кийин гана кабыл алынат. Аккредитациялоону жүргүзүү үчүн төлөнгөн акча каражаты кайтарылып берилбейт. Билим берүү уюмун кайталап аккредитациялоодо кетирилген чыгымдар билим берүү уюмдарынын эсебинен төлөнөт.

22. Агенттик аккредитациялоо процессинин жүрүшүндө белгилүү болгон маалыматтарды ачыкка чыгарууга, ошондой эле билим берүү уюмунун беделине зыян келтирүүгө багытталган аракеттерди жасоого укуксуз. Эгерде Агенттик билим берүү уюмунун ишинде одоно тартип бузууларды аныктаса, билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга аныкталган фактылар жөнүндө жазуу жүзүндө маалымдоого милдеттүү.

23. Билим берүү уюмдарын жана билим берүү программаларын аккредитациялоо боюнча отчеттор Кыргыз Республикасынын жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялануусу, Кеңешке жана билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жөнөтүлүшү керек.

24. Билим берүү уюму. Агенттик чечим чыгарганга чейин аккредитациялоонун каалаган этабында аккредитация өткөрүү жөнүндөгү арызын кайтарып алууга укуктуу, мында аккредитациялоо үчүн төлөнгөн сумма кайтарылып берилбейт.

25. Аккредитациялаган уюм аталышынын, жетектөөчү курамынын, жайгашкан жеринин өзгөргөндүгү жана Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында катталган байланыш маалыматтары жөнүндө бардык маалыматтарды бир айлык мөөнөттө Агенттикке кабарлоого милдеттүү.

## 4. Аккредитациялоо жөнүндө документтер

26. Аккредитацияланган билим берүү мекемелерине шарттуу аккредитациялангандарды кошо алганда колдонуу мөөнөтүн көрсөтүү менен аккредиттациядан өткөндүгү жөнүндө сертификат берилет.

27. Билим берүү уюму кайра каттоодон өткөн учурда сертификаттын жарактуулугу сакталат.

28. Шарттуу аккредитациялоонун мөөнөтүн эске албаганда билим берүү уюмдарынын жана программаларынын аккредитациялоо мөөнөтү аяктаса, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын жарактуулук мөөнөтүн узартууга жол берилбейт.

29. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын жарактуулугу төмөнкү учурларда токтотулат:

- ага берилген мөөнөт аяктаса;

- билим берүү уюму жоюлса;

- сертификат берилген билим берүү уюмунун тиешелүү программасынын иши токтотулса.

30. Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо жөнүндө сертификаттардын бланктарынын формасы билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет.

31. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын бланкы жана анын тиркемесинин бланкы корголгон полиграфиялык продукция болуп эсептелет жана так отчетун берүүчү документ катары сакталууга, эсепке алынууга тийиш.

32. Аккредитациялоо жөнүндө сертификатка (анын тиркемесине) Агенттиктин жетекчиси (ал болбогон учурда - анын орун басары) кол коёт жана ал органдын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын тиркемесинде бир нече барак болсо, ал барактар тигилүүсү керек.

33. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын тиркемеси (тиркемелери) болбосо, ал жараксыз болуп эсептелет.

34. Аккредитациялоо жөнүндө сертификат жоголгон же бузулган учурда Агенттикке билим берүү уюмунун арызынын негизинде аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликаты берилет. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү тууралуу Агенттиктин чечими арыз катталган күндөн тартып 15 иш күндөн ашпаган мөөнөттө кабыл алынат. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликаты бир нускада "дубликат" деген белги коюу аркылуу таризделет. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатынын көчүрмөсү уюмдун аккредитациялык делосунда сакталат.

35. Аккредитациялоо жөнүндө арыз жана ага тиркелген документтер, Агенттиктин аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө, аккредитациялоо жөнүндө сертификатты кайра берүү жөнүндө тескөөчү актылары, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын тиркемелери менен көчүрмөлөрү, ошондой эле аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү үчүн тиешелүү документтер жана текшерүү жүргүзүү менен байланышкан бардык документтер уюмдун аккредитациялык делосун түзөт жана Агенттикте сакталууга тийиш, ошондой эле зарыл учурларда электрондук жана кагаз түрүндө тиешелүү

органдарга түздөн-түз берилет же жеткирилгендиги жөнүндө маалымдоону мойнуна алып, тизме менен өткөрүп берүүчү почта заказы аркылуу жиберилет.

36. Агенттик аккредитациялоону жүргүзүүнүн жыйынтыгын чыгарган күндөн баштап 10 жумушчу күндүн ичинде аткарган иштери жана кабыл алынган чечимдери боюнча Кеңешке жана билим берүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга маалымат берет.

37. Кеңеш электрондук формада аккредитациялоо өткөрүүгө укуктуу аккредитациялык агенттиктердин реестрин жүргүзөт.

Аккредитациялык агенттиктер аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарынын жана программаларынын реестрин электрондук формада жүргүзүп, аларды өз сайттарына жайгаштырат да, ар бир кварталда бир жолудан кем эмес жолу жаңыртып, ар бир отчеттук мезгилден кийинки айдын 15-числосунан кечиктирбей билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга квартал сайын отчет берип турат.

38. Аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын жана программаларынын реестри чечим кабыл алынган датасы жана ыйгарылган каттоо номерин көрсөтүү менен алфавиттик тартипте түзүлөт.

39. Реестрде төмөнкү маалыматтар камтылат:

а) Агенттиктин аталышы;

б) аккредитациялоо жөнүндө сертификатты алган уюмдун толук аталышы, жайгашкан жери;

в) юридикалык жак катары уюмдун мамлекеттик каттоо күбөлүгүндөгү маалыматтар;

г) аккредитациялоо жөнүндө сертификатты алган уюмдун - салык төлөөчүнүн идентификациялык номери;

д) аккредитациялоо жөнүндө чечим кабыл алынган дата;

е) аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын реквизиттери;

ж) аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын жарактуулук мөөнөтү;

з) аккредитацияланган билим берүү программаларынын тизмеги;

и) аккредитациялоо жөнүндө сертификатты кайра тариздөөнүн негизи жана датасы;

к) аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын жарактуулук мөөнөтүнүн аяктагандыгы жөнүндө негиздеме жана датасы.

40. Агенттиктин тескөөчү документи реестрге маалыматтарды киргизүү үчүн негиз болуп эсептелет.

41. Аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын жана программаларынын реестри жөнүндө маалымат Агенттикте беш жыл сакталат жана андан кийин белгиленген тартипте архивге өткөрүлөт.

3-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын аккредитацияланууучу**
**башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү**
**уюмдарына коюлуучу**
**МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР**

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптар (мындан ары - Минималдуу талаптар) Кыргыз Республикасынын аккредитацияланууучу башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына милдеттүү минималдуу талаптарды аныкташат.

2. Ушул Минималдуу талаптарда төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

**академиялык бедел** - сунушталган билим берүүнүн сапатынын коомдук аң-сезимдеги же кесиптик бирикмедеги деңгээли;

**билим берүүнүн сапатынын менеджментинин документтештирилген тутуму** - билим берүү уюмундагы билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга тиешелүү бардык пландарды, процесстерди, иш-аракеттерди жана натыйжаларды документтештирүүгө жол берүүчү тутум;

**кызыкдар тараптар** - билим берүүнүн жогору сапатына кызыкдар мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, окугандар (студенттер), алардын ата-энелери, билим берүү уюму, жумуш берүүчүлөр, социалдык өнөктөр;

**билим берүү уюмунун миссиясы** - билим берүү уюмунун өз дараметин объективдүү баалоодон келип чыккан стратегиялык негизги максаттары;

**билим берүүнүн максаттары** - билим берүүчү уюм өзүнүн бүтүрүүчүлөрүндө тийиштүү адистик (кесип) боюнча компетенциясынын болушуна жетүү үчүн умтулган максат;

**билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** - билим берүү уюмунун окумуштуулар же педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилген документтердин жана ишке ашыруу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга алып баруучу пландалган мезгилдүү жол-жоболордун (иш-аракеттердин) жыйындысы;

**окутуунун натыйжалары** - жумушчу окуу планындагы кайсы бир сабак (дисциплина, предмет, практиканы ж.б.у.с.) ийгиликтүү өздөштүрүлгөнүн текшерүүнүн кайсы бир формасы (экзамен, зачет, курстук иш ж.б.у.с.) менен тастыктоо.

## 2. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына минималдуу талаптар

3. Билим берүү уюмунда окумуштуулар же педагогикалык кеңеши бекиткен жана билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган, өзүнө миссияны, стратегиялык жана учурдагы пландарды, билим берүү максаттарын, окутуунун натыйжаларын,

сапат менеджменти тутумун камтыган билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты болушу керек.

4. Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына чен-өлчөмдөр:

1) билим берүү уюмунун так аныкталган жана кабыл алынган миссиясы, анын негизинде иштелип чыккан жана бекитилген, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген стратегиялык жана учурдагы пландарынын болуусу. Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын жана окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу;

2) жыл сайын стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын аткарылышын иликтөө, аткаруунун натыйжаларын талдоо жана тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү;

3) билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого билим берүү уюмунун жетекчилиги, кызматчылары, окуучулары (студенттери) жана кызыкдар тараптардын катышуусу;

4) билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген тутумунун жардамы менен киргизүү;

5) билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген тутумунун жардамы менен билим берүү сапатын камсыздоо саясатын киргизүүгө жооп берүүчү жооптуу адамдардын (кызматтардын) болуусу;

6) билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган жана бардык кызыкдар тараптарга жеткиликтүү билим берүү уюмунун миссиясынын, стратегиялык жана учурдагы пландарынын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын, билим берүүнүн сапат менеджментинин тутумунун болуусу.

5. Орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдары ушул Минималдуу талаптардын 4-пункту менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары өзүнүн академиялык беделин жогорулатуу жана академиялык эркиндикти камсыздоо үчүн чараларды көрүшөт.

## 3. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, байкоо жүргүзүү жана мезгили менен баалоого минималдуу талаптар

6. Билим берүү уюму билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн жол-жоболорго ээ болушу керек. Иштелип чыккан билим берүү программаларынын мазмуну билим берүү уюмунун, миссиясына, билим берүү максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, окуучулардын (студенттердин) жана башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык болушу зарыл. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында алынуучу квалификация так аныкталуусу жана кызыкдар тараптарга түшүндүрүлүүсү зарыл.

7. Билим берүү уюму өз максатына жетүүсүн жана окуучулар (студенттер) менен башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жооп берүүсүн кепилдөө жана

аныктоо үчүн жумуш берүүчүлөрдү жана башка кызыкдар тараптарды тартып, мезгили менен (бир жылда бир) мониторинг жана баалоо жүргүзүүсү зарыл.

8. Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы билим берүү программаларын иштеп чыгууга, бекитүүгө, мониторингдөөгө жана мезгили менен баалоо жүргүзүүгө чен-өлчөмдөр:

1) билим берүү уюмунун миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык так аныкталган билим берүү программасынын билим берүү максаттарынын болуусу;

2) кесиптик, өндүрүштүк уюмдардын жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда иштелип чыккан, эмгек базарын чагылтуучу жана билим берүү программасынын максаттарына ылайык келген, универсал жана кесиптик терминдер менен баяндалган окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу;

3) билим берүү программасы боюнча так аныкталган жана мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окуу жүгүнүн болуусу;

4) билим берүү программасын өркүндөтүү максатында окуучулар (студенттер) менен жумуш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын мезгил-мезгили менен (бир жылда бир) баалоо;

5) билим берүү программасы менен каралган практикалардын (тааныштыруучу, окутуучу, өндүрүштүк, педагогикалык, дипломдун алдындагы) бардык түрлөрүнөн өтүү үчүн окуу программасында орундарды берүү;

6) актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин соңку жетишкендиктерин жана технологияларын эске алуу менен конкреттүү дисциплинанын мазмунуна жыл сайын билим берүү уюму менен мониторинг жүргүзүү жана баалоо;

7) мониторинг жүргүзүү:

- окутуучулардын (студенттердин) окуу жүгүнө, жетишүүсүнө жана бүтүүсүнө;

- баалоо жол-жоболорунун майнаптуулугуна;

- окутуучулардын (студенттердин) жана жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү программасы боюнча окутуудан күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана канааттангандыгына;

- билим берүү чөйрөсү менен колдоо кызматтарына жана алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигине;

- берилүүчү билимдин майнаптуулугун жогорулатуу жана адекваттуулугун аныктоо максатында бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун;

8) мониторинг жүргүзүүнү жана мезгили менен баалоону өткөрүү үчүн процесстерди жана жооптуу адамдарды (кызматтарды) аныктоо;

9) мониторингдин жана мезгили менен баалоонун натыйжаларын бардык кызыкдар тараптарды тартуу менен талдоо, талкуулоо жана аны билим берүү процессин уюштурууну жакшыртуу үчүн пайдалануу;

10) билим берүү программасын окуу-усулдук камсыздоо билим берүүнүн максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келүүсү.

9. Жогорку кесиптик билим берүү уюму ушул Минималдуу талаптардын 8-пункту менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары өзүнүн илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларын окуу процессинде колдонот.

## 4. Инсанга багытталган окутууга жана окугандардын (студенттердин) жетишүүсүн баалоого минималдуу талаптар

10. Билим берүү уюму өзүнүн билим берүү программаларына инсанга багытталган окутуу процесстерин киргизүүсү зарыл. Билим берүү программаларын ишке ашыруучу усулдар окугандарды (студенттерди) билим берүү процессин биргелешип ишке ашырууда активдүү аракетке кызыктыруусу зарыл.

11. Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы инсанга багытталган окутууга жана окугандардын (студенттин) жетишүүсүн баалоого чен-өлчөмдөр:

1) педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн окугандар (студенттер) менен үзгүлтүксүз өз ара байланышты пайдалануу;

2) баалоочу адамдардын (экзаменаторлордун) окуучунун (студенттин) билимин текшерүүнүн усулдарына ээ болушу жана бул тармакта квалификациясын дайыма жогорулатуусу;

3) билим берүү уюму окугандар (студенттер) жетишүүгө тийиш болгон окутуунун күтүлгүчү натыйжаларына карата адекваттуу жана окуучунун (студенттин) окутуунун пландалган натыйжасына жетишүү деңгээлин көрсөткөн баалоонун чен-өлчөмдөрү менен усулдарын өзүнүн сайтында жарыялоосу;

4) баалоо жол-жоболорунун жумшартуучу жагдайларды жана баалоонун натыйжасын апелляциялоонун расмий жол-жобосун камтыган объективдүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыздоосу;

5) пайдаланылган баалоо жол-жобосу, болуучу текшерүүлөрдүн түрлөрү (экзамендер, зачеттор, дипломдук ишин коргоо ж.б.), окугандарга (студенттерге) карата талаптар, алардын билимин баалоонун колдонулуучу чен-өлчөмдөрү боюнча окуучуларга (студенттерге) толук маалымдоо;

6) окугандарды (студенттерди) иргөөнүн себептерин талдоо жана алардын жетишүүсүн жогорулатуу жана окуучулардын (студенттердин) бекемделүүсү боюнча чараларды көрүү;

7) окугандардын (студенттердин) даттануулары‌на чара көрүүнүн иштеп чыгарылган жана колдонууга киргизилген жол-жоболорунун болуусу.

12. Орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдары үчүн ушул Минималдуу талаптардын 11-пункту менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары инсанга багытталган окутууга жана окуучунун (студенттин) жетишүүсүн баалоого төмөндөгү чен-өлчөмдөр белгиленет:

1) билим берүү уюму окутуунун сапатын жогорулатуу максатында инновациялык окуу-усулдук ресурстарды, педагогикалык усулдарды, формаларды жана технологияларды колдонуу;

2) билим берүү уюмунун окугандардын (студенттердин) ар кыл топторунун керектөөлөрүн аныктап жана аларды кошумча курстар, факультативдер, ийримдер аркылуу канааттандыруусу.

13. Жогорку кесиптик билим берүү уюмдары үчүн ушул Минималдуу талаптардын 11, 12-пункттары менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары инсанга багытталган окутууга жана окуучунун (студенттин) жетишүүсүн баалоого төмөндөгү чен-өлчөмдөр белгиленет:

1) билим берүү уюму студенттердин ар кыл топторунун керектөөлөрүн эске алууга, окутуунун жекече траекторияларын түзүү мүмкүндүктөрүн түзүүгө жол берүүчү билим берүү программаларын ишке ашыруусу;

2) билим берүү уюмунун билим берүү кызматтарды көрсөтүүнүн ийкемдүү варианттарын пайдалануусу (электрондук, дистанциялык окутуу технологияларын да пайдалануу);

3) окуу процессин уюштурууда динамикалуу билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүү, студенттердин жекече жетишкендиктерин колдоо багытында окутуучулар менен студенттердин окуу жана илимий изилдөөлөр жаатындагы натыйжалуу өз ара иштешүүлөрүн камсыздоо;

4) билим берүү программаларында студенттин окуусуна тиешелүү практикалык тажрыйбага ээ болуу үчүн практикалардын, такшалтмалардын, интернатуранын зарыл түрлөрү жана жогорку окуу жайдан имаратынан тышкары окутуунун башка түрлөрүнүн камтылышы.

## 5. Окуучуларды (студенттерди) кабыл алуу, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана окуучулардын (студенттердин) бүтүрүүсүнө минималдуу талаптар

14. Билим берүү уюму мурдатан аныкталган, өзүнүн сайтында жарыяланган жана ырааттуу колдонулган окуучуларды (студенттерди) кабыл алууну, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана окуучулардын (студенттердин) бүтүрүп чыгышын жөнгө салуучу эрежелерге ээ болушу зарыл.

15. Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы окуучуларды (студенттерди) кабыл алууга, билим берүүнүн натыйжаларын таанууга жана окуучулардын (студенттердин) бүтүрүүсүнө карата чен-өлчөмдөр:

1) окуучуларды (студенттерди) иргөөнүн жана кабыл алуунун калыс жана туура усулдары менен жол-жоболорун колдонуу, ошондой эле потенциалдуу окуучулардын (студенттердин) тапшыруусу үчүн негизсиз тоскоолдуктарды болтурбоо;

2) окуучуларды (студенттерди) кабыл алуу эрежелерин, процессин жана чен-өлчөмдөрүн ачык-айкын ырааттуу колдонуу;

3) окуучулар (студенттер) тандап алган билим берүү траекториясы, ошондой эле академиялык мобилдүүлүк программалары жана карьералык мүмкүнчүлүктөр боюнча толук жана өз учурунда маалымат жана консультация алуусу;

4) окуучулардын (студенттердин) академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде жыйноо, байкоо жүргүзүү жана андан аркы иш-аракеттер үчүн так жол-жоболор менен инструменттердин болушу;

5) билим берүү уюму окуучунун (студенттин) окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишүүсү жана анын академиялык мобилдүүлүгүнө шарт түзүү үчүн квалификацияларды жана мурдагы окуган мезгилдерин объективдүү таанууну камсыздоосу;

6) билим берүү уюму билим берүү программасы боюнча окууну бүткөн жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жеткен окуучулардын (студенттердин) алган квалификациясын, анын ичинде алган билиминин натыйжаларын, ошондой эле алынган билимдин мазмунун жана статусун тастыктаган документ менен, ошондой эле окууну бүтүргөндүгү жөнүндө күбөлүк менен камсыздоосу.

## 6. Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамга минималдуу талаптар

16. Билим берүү уюму окуучулар (студенттер) менен иштөө үчүн кесиптик тажрыйбасы бар компетенттүү персоналга ээ болушу зарыл. Окутуучулар окутуучу предметти толук жакшы билүүгө жана түшүнүүгө, окуу процессинде билимди натыйжалуу берүү үчүн, ошондой эле алардын окутуусунун сапаты боюнча кайра байланышты түзүү үчүн керектүү ыкмаларга жана тажрыйбага ээ болушу зарыл.

17. Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамга карата чен-өлчөмдөр:

1) билим берүү уюмунун окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алуунун, кызматтан жогорулатуунун Кыргыз Республикасынын эмгек боюнча мыйзамына жараша ачык-айкын жана объективдүү чен-өлчөмдөрүн пайдаланышы;

2) окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берүүчү программага жана билим берүү процессинин талаптарына ылайыктуугу;

3) билим берүү уюмунун окутуучуларды тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн, ошондой эле изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн шарттарды түзүүсү;

4) окутуучулардын билим берүү программасына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык келүүчү жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга шарт түзүүчү окуу куралдарынын, окуу китептеринин үстүнөн иштөөсү;

5) билим берүү уюму тарабынан иштелип чыккан, окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуучу реалдуу пландарынын болушу;

6) окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу иштөөчү, кесиптик жактан өнүгүүгө жана өзүнүн ишинин чөйрөсүндө дайыма маалымдуу болууга мүмкүн берген системасынын болушу;

7) окутуучуларды инновациялык билим берүү усулдарына жана технологияларына мезгилдүү окутууга шарт түзүүсү.

18. Жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдары ушул Минималдуу талаптардын 17-пункту менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары окутуу менен

илимий изилдөөлөрдүн ортосундагы байланышты чыңдоо, окутуунун инновациялык усулдарын киргизүү, алдыңкы технологияларды колдонуу үчүн илимий ишке кызыктыруу тутумуна ээ болот.

## 7. Материалдык-техникалык базага жана маалымат ресурстарына минималдуу талаптар

19. Билим берүү уюму жетиштүү, жеткиликтүү жана билим берүү максаттарына ылайыктуу материалдык-техникалык жана маалымат ресурстарына ээ болушун кепилдөөсү зарыл.

20. Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы материалдык-техникалык жана маалымат ресурстарына чен-өлчөмдөр:

1) окуучулардын (студенттердин) ар кыл топторун, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды керектүү материалдык ресурстар менен (китепкана фонддору, компьютердик класстар, окуу жабдуулары, башка ресурстар) менен камсыздоо;

2) билим берүү уюму тарабынан окуу аянттарынын жакшы абалын жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо;

3) окуу жайдын бөлмөлөрү санитардык-гигиеналык ченемдер менен эрежелерге, өрт коопсуздугунун талаптарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык эмгекти коргоо жана коопсуздук ыкмасынын талаптарына туура келиши;

4) жатаканада (бар болсо) окуу, жашоо жана эс алуу үчүн шарттарды камсыздоо;

5) окуу залдарда жана китепканаларда иштөө үчүн тиешелүү шарттарды түзүү;

6) тамактануу үчүн (ашкана же буфет бар болсо) тиешелүү шарттарды, ошондой эле билим берүү уюмунун медпункттарында медициналык тейлөө үчүн тиешелүү шарттарды камсыздоо;

7) окуучуларды (студенттерди) окуу процессин толук ишке ашыруу үчүн зарыл жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-усулдук материалдар, анын ичинде электрондук ресурстар менен камсыздоо;

8) окуучуларды (студенттерди) окууга шыктандыруу жана натыйжаларга жетишүүсүнө түрткү берүү максатында тиешелүү адам ресурстары (кураторлор, класс жетекчилер, жатаканадагы тарбиячылар, психологдор ж.б.) менен камсыздоо.

21. Жогорку кесиптик билим берүү уюму ушул Минималдуу талаптардын 20-пункту менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары студенттердин илимий иши үчүн тиешелүү шарттарды камсыздайт.

## 8. Маалыматты башкарууга жана аны коомчулукка жеткирүүгө минималдуу талаптар

22. Билим берүү уюму ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары жана берилүүчү квалификациялар боюнча туура жана объективдүү, жетиштүү жана сапаттуу маалыматты дайыма өз убагында жарыялап туруусу тийиш.

Билим берүү уюмунун социалдык ролу ишке ашырылып жаткан программа жана аны аткаруунун күтүлгөн натыйжалары, берилүүчү квалификациялар, окутуунун деңгээли, окутуунун жана баалоонун жол-жоболору жана окуучулардын (студенттердин) окуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө коомчулукка маалымдоону камтууга тийиш. Билим берүү уюму өз сайтына өзүнүн иши жөнүндө объективдүү маалыматтарды, анын ичинде ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын тизмесин такай жарыялап турууга тийиш, бул маалыматтар так, туура, объективдүү жана жеткиликтүү болушу керек.

23. Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында маалыматты башкарууга жана аны коомчулукка жеткирүүгө карата чен-өлчөмдөр:

1) өзүнүн билим берүү максатын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй билим берүү уюму төмөнкүдөй маалыматты чогултат, системага салат, жалпылайт жана сактайт:

- окуучулардын (студенттердин) контингенти жөнүндө маалыматтарды;

- окуучулардын (студенттердин) катышуусу жана жетишүүсү, жетишкендиктери жөнүндө маалыматтарды;

- окуучулардын (студенттердин), алардын ата-энелеринин, бүтүрүүчүлөрдүн жана жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү программаларын ишке ашырууга жана анын натыйжаларына канааттангандыгы;

- материалдык жана маалыматтык ресурстарынын жеткиликтүүлүгү;

- бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу;

- студенттердин илимий изилдөөчү иштеринин натыйжалары (жогорку окуу жайлар үчүн);

- билим берүү уюмунун ишинин майнаптуулугунун негизги көрсөткүчтөрү;

2) билим берүү уюмунун окуучуларынын (студенттеринин) жана кызматкерлеринин ушул Минималдуу талаптардын 23-пунктунун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн маалыматты чогултууга жана талдоого, кийинки иш-аракеттерди пландаштырууга катышуусу;

3) билим берүү уюмунун өзүнүн иши жөнүндө маалыматты коомчулукка туруктуу негизде берүүсү, анын ичинде:

- миссиясы;

- билим берүү максаттары;

- окутуунун күтүлүүчү натыйжалары;

- берилүүчү квалификациялар;

- окуунун жана окутуунун формалары жана каражаттары;

- баалоонун жол-жоболору;

- өтүү үчүн балл жана окуучуларга (студенттерге) берилүүчү мүмкүнчүлүктөр;

- бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат;

- студенттердин илимий изилдөөчү иштеринин жыйынтыктары (жогорку окуу жайлар үчүн);

4) билим берүү уюму коомчулукка маалымат берүү үчүн өзүнүн сайтын жана жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануусу.

24. Орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында ушул Минималдуу талаптардын 23-пункту менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары билим берүү уюмун башкаруу башкаруунун автоматташтырылган (программалык) тутумунун жардамы менен жүзөгө ашырылат. Андай тутум жок болсо орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюму аны иштеп чыгууну же сатып алууну жана эксплуатациялоого киргизүүнү пландаштырат.